«Бекитемин»
Диссертиациялык кеңештин
төрагасы, саясий жана юридикалык
илимдеринин доктору, профессоор

_________________ Канатбек Азиз

Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын А.А. Алышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин уюштурулган отурумунун "18" декабря 2020 - жыл №4 протоколунан

# КӨЧҮРМӨ

Бишкек шаары

**Катышкандар:**

1. Канатбек Азиз – саясий илимдеринин доктору, юридикалык илимдеринин доктору, профессор (Диссертациялык кеңештин төрагасы).
2. Абдрашев А.Б. – саясий илимдеринин доктору, профессор (Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары).
3. Артыкбаев М.Т. – саясий илимдеринин доктору, философия илимдеринин доктору, профессор.
4. Абдыраманова Ч.Ш. – саясий илимдеринин кандидаты (Диссертациялык кеңештин Окумуштуу катчасы).
5. Жоробеков Ж.Ж. – саясий илимдеринин доктору, профессор.
6. Исаев К.И. – философия илимдеринин доктору, профессор.
7. Мендибаев Н. – социология илимдеринин доктору, доцент.
8. Нурова С.С. – социология илимдеринин доктору, профессор.
9. Сааданбеков Ж.С. – саясий илимдеринин доктору, профессор.
10. Салморбекова Р.Б. – социология илимдеринин доктору, профессор.
11. Омуралиев Н.А. – социология илимдеринин доктору, доцент.
12. Сайитбеков А.М. – саясий илимдеринин доктору, профессор.

**Катышпай калгандар:**

13. Акунов А.А. – тарых илимдеринин доктору, профессор (ыраатама боюнча экзамен кабыл алууда).
14. Донобаев А.Д. – саясий илимдеринин доктору, профессор (ооруп келе албай калды, бюллетенде).

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Эксперттик комиссиялардын чечимдерин карап чыгуу.

1.1. Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деп аталган темадагы, 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациянын алдын ала талкуусу.

**Отурумдун төрагасы саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Сөз окумуштуу катчыга берилет. **Окумуштуу катчы, саясий илимдеринин кандидаты Абдыраманова Ч.Ш.:**

Диссертациялык кеңешке изденүүчү Т.Б. Мамытовдон алынган документтер:

1. Арыз;
2. Жумуш ордунан күбөлөндүрүлгөн кызматчынын жеке баракчасы;
3. Саясий илимдеринин кандидатынын дипломунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
4. Авторефераттар (кыргыз жана орус тилдеринде) жана диссертация (кыргыз тилинде);
5. Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий кеңешинин 29.06.2018 жылы түзүлгөн №4 протоколунан көчүрмө (2 экз.);
6. Илимий консультант саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробековдун пикири (2 экз);
7. Киргизүү актысы (2 экз.);
8. Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий катчысы тарабынан күбөлөндүрүлгөн илимий эмгектердин тизмеси;
9. Жарыяланган эмгектердин күбөлөндүрүлгөн түп нускасы.

Диссертациялык ишти кароо үчүн 2-ноябрь 2020-жылы төмөнкү курамдагы эксперттик комиссия дайындалган: тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович, саясий илимдеринин доктору, профессор Абдрашев Акунжан Баказович, саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбекович.

Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деп аталган темадагы, 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациясын карап чыгышкан.

**Саясий жана юридикалык саясий илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Урматтуу кесиптештер бүгүнкү талкууланып жаткан диссертациялык иштин кыргыз тилинде жазылган жана темасы өтө актуалдуу. Фундаментализм феномени көптөн бери изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзгөчө бурдурган маселе. Биз изденүүчүнүн диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштык. Диссертациялык иштин структурасы, маани-маңызы боюнча суроолор болсо изденүүчүгө берсеңиздер болот.

Сөз социология илимдеринин доктору, профессор Р.Б. Салморбековага берилет.

**Социология илимдеринин доктору, профессор Салморбекова Р.Б.:** Диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдети, илимий жаңылыгы ошондой эле диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболорун тактап, белгилеп бериңиз.

**Мамытов Т.Б.:** Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.** Азыркы учурга чейин «фундаментализм» түшүнүгү талаш-тартыш жаратып, бүгүн дагы илимде акырына чейин аныкталбаган бойдон калып келүүдө.

Фундаментализм феномени көптөн бери карай изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзгөчө бурдурган маселе болгондуктан, татаал социалдык-саясий феномен катары илимий изилдөөнүн объектиси болуп саналат.

Диний фундаментализмдин башаттары, социалдык жаратылышы, өзгөчө мүнөздүү белгилери жана саясий – идеялык маңызы каралышы зарыл. Аталган феномендин илимий изилдениши тутумдаштыруу, адамзат тарыхынын өзүнчө бир этаптарында, коомдук жашоонун ар кандай чөйрөсүндө жана конкреттүү өлкөлөрдө анын пайда болушунун жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн издеп табуу орчундуу илимий милдет болуп калууда.

Азыркы учурда ислам фундаментализминин Борбор Азия өлкөлөрүндө болуп жаткан саясий процесстердеги ролун, ордун жана бул процесске берген саясий-социалдык механизмдердин таасирин аныктоо өктөм зарылдык катары олуттуу мааниге ээ болууда. Изилдөөнүн предмети катары радикалдуу диний фундаментализмдин Борбор Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасирин берген саясий жана социалдык механизмдери саналат. Ошол эле учурда, ислам фундаментализминин саясий-социалдык феномени Борбордук Азия республикаларынын улуттук коопсуздугуна кандай таасир берээрин талдоого алуу зарыл.

Бул кубулуштун терроризмди жана экстремизмди саясий зомбулуктун куралына айландырып диний фундаментализмдин жүргүзгөн ишмердүүлүгү изилдөөгө алынуусу зарыл. Социалдык жашоо чөйрөдө, баарынан мурда саясатта диний фундаментализмге берилген тарапташтарынын, топтордун жана уюмдардын өзгөчө бир социалдык-саясий мүнөздөрүн ачыктоого аракет кылуу

зарыл.

Диссертациянын методологиялык негизин илимий изилдөөнүн жалпы принциптери түзүүсү абзел.

Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациянын темасы жана эмгектин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан өнүгүү стратегиясында, диний радикализмге, экстремизмге жана терроризмге каршы аракет боюнча улуттук тутумдарда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясында жана башка документтерге байланыштуу концепцияларды, программаларды, мыйзамдарды жана башка документтерди иштеп чыгууда пайдаланылуусу мүмкүн.

Изилдөөнүн максаты – саясий-социалдык феномен катары ислам фундаментализминин түшүнүгүнүн маанисин жана маңызын, ошондой эле Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерин комплекстүү изилдөө.

Изилдөөнүн милдети. Жогоруда белгиленген максатка жетүү үчүн төмөндөгү изилдөөчүлүк милдеттер коюлган:

1. Теориялык-методологиялык негиздер аркылуу, саясий – социалдык феномен катары ислам фундаментализми түшүнүгүнүн маанисин жана маңызын анализдөө;
2. Ислам фундаментализмин идеология жана саясий практика катары анализдөө;
3. Ислам фундаментализминин мээлиндүү жана радикалдуу агымдарын жалпы жана өзгөчө аныктамалар аркылуу салафизм, ваххабизм жана жихадизм аттуу предметтик түшүнүктөрүн ачыктоо;
4. Ислам фундаментализминин, экстремизмдин жана терроризмдин доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий-идеялык булактарын ачыктоо;
5. Ислам фундаментализминин саясий-идеялык өзгөчөлүктөрүн жана алардын улуттар аралык мамилелерге болгон таасирин ачыктоо;
6. Экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий зомбулугунун саясий куралы катары ачыктоо;
7. Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү ислам фундаментализминин саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизмдерин анализдөө;
8. Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү ислам фундаментализминин саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдерин анализдөө;
9. Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү экстремисттик, террористтик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын ишмердүүлүктөрүнүн жигердүүлүгүн анализдөө;
10. Диний фундаментализмдин тарапташтарынын өзгөчөлүктөрү жана алардын фундаменталисттик саясий-диний көз караштарынын калыптанышын изилдөө;

11.Динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмди азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары аныктоо;

12.Кыргыз Республикасында экстремизмдин, терроризмдин жана диний фундаментализмдин саясий процесстерге тийгизүүчү терс таасиринин алдын алуунун илимий-практикалык багыттарын иштеп чыгуу.

13.Диссертациянын илимий жаңылыгы – республиканын саясий илимдеринде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдери анализденди:

– биринчиден, социалдык-саясий феномен катары ислам фундаментализминин түшүнүгү, мааниси жана маңызы анализденди;

– экинчиден, ислам фундаментализми идеология жана саясий практика катары анализденди жана аныкталды;

– үчүнчүдөн, ислам фундаментализминин агымдарынын жалпы жана өзгөчө аныктамалары аркылуу салафизм, вахабизм, жихадизм аттуу предметтик түшүнүктөр аныкталды;

– төртүнчүдөн, ислам фундаментализминин доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий-идеялык булактары аныкталды;

– бешинчиден, ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизмдери изилденди;

– алтынчыдан, ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдери изилденди;

– жетинчиден, ислам фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдарынын жана топторунун Борбордук Азия аймагындагы орду жана таасирдүүлүгү аныкталды жана алардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүнө талдоо жүргүзүлдү;

– сегизинчиден, динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу фундаментализм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары анализденди;

– тогузунчудан, диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтарынын комплексинде алардын кооптуулугунун өрчүүсү талдоого алынды, аларга каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүү боюнча сунуштамалар аныкталып берилди.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү – диссертациялык изилдөөдө баяндалган негизги тыянактардан, жыйынтыктардан жана практикалык сунуштамалардан ачык айкын көрүнүп турат. Муну эмгектин тийешелүү бөлүктөрүндө экстремизмдин, терроризмдин жана диний фундаментализмдин макамын аныктоодогу теориялык-методологиялык көз караштар жана мамилелер толуктайт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна карата болгон коркунучтардын жана чакырыктардын комплексинде кооптуулук жаратып жаткан экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы натыйжалуу күрөшүүнүн негизги принциптерин жакшыртууда пайдаланылуусу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөдөгү жоболор, илимий-практикалык тыянактар жана натыйжалар окуу куралдарын жана атайын курстарды даярдап, иштеп чыгууда, жогорку окуу жайларынын гуманитардык факультеттеринин студенттери жана аспиранттары үчүн сабак берүүдө, тартип сактоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин практикалык иштеринде кеңири колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:

Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерине комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүдө төмөндөгү жоболор коргоого сунуш кылынат:

**1.** Ислам фундаментализминин саясий жана социалдык феномен катары жалпы түшүнүгүнүн мааниси, маңызы аныкталып илимде жана илимий таанууда маанилүү көйгөйдү жаратат деген тыянак чыгарылды. Ислам фундаментализминин примордалисттик, тарыхый-саясий, бихевиористтик, инструменталисттик, институционалдык концепцияларын изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн.

**2.** Ислам фундаментализмин идеология жана саясий практика катары кароодо, белгилеп кетүүчү нерсе – идеологиянын олуттуу топтому болуп шариаттын негизинде халифатты түзүү. Ислам фундаментализми – салафизм, ваххабизм жана жихадизм агымдары аркылуу саясий-диний идеяларды колдонгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып, глобалдык саясий зомбулукту колдонгон чабуулдук жихадка чейинки жайылтылган практика катары көрүүгө болот. Бул чабуулдуктун максаттары: светтик мамлекетти жоюу, мусулмандар аз болгон башка мамлекеттерде мусулман калкын көз карандысыздыкка жеткирүү жана батыш цвилизациясын ислам дүйнөсүнө болгон таасирин жоготуу.

**3.** Азыркы учурда Борбор Азия өлкөлөрүндө, өзгөчө Кыргыз Республикасында терс көрүнүштөрдүн орун алуусу байкалууда: бийликтин алсыздыгы жана коррупциянын кеңири жайылышы, саясий жана социалдык теңсиздик, билим жана маданият деңгээлинин төмөндөшү, укуктук нигилизм жана саясий зомбулук. Албетте, мындай көрүнүштөр диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жаралышына, өнүп-өсүшүнө жол ачат. Мындан тышкары экстремизм жана терроризм радикалдуу диний фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катары колдонулат.

**4.** Ислам фундаментализми Борбордук Азия регионунда диний-саясий феномен катары аймакта өтүп жаткан азыркы саясий процесстерге саясий механизмдер аркылуу таасир берүүдө.

Ислам фундаментализминин туруктуу функциялары көрсөтүлдү, алар: идентификациялоо, багыт алуу, жоболоштуруу, ыңгайлашуу, социалдашуу, интеграциялашуу, карым-катыш функциялары. Ушул функцияларды жүзөөгө ашырууда механизмдердин саясий процесстерге тийгизген таасиринин багыттары – жандануу жана жаратуу формасында изилденди.

Ислам фундментализминин саясий процесске таасир берүүдөгү саясий механизмдери: саясий - аксиологиялык, саясий-идеологиялык, саясий - укуктук.

**5.** Социалдык феномен катары фундаментализм адамдардын социалдык статустарына карабай аларды жаңы уюмдарга, топторго жана кыймылдарга диний идея жана практика аркылуу бириктирет. Диний фундаменталимзге жөндөмдүү болгон динге ишенүүчүлөрдүн бири-бири мене байланышуусу жана мамилелери, ошондой эле алардын иш-аракеттери уникалдуу социалдык механизмдердин бүтүндөй бир катмарын жаратат, алар: ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү, кызыкдардык жана тууроо сыяктуу социалдык механизмдер катары эсептелет.

Ислам фундаментализминин социалык механизмдери саясий процесске таасир берүүдө төмөнкү таасир берүү багыттарын аныктайт: уюштуруучулук, башкаруучулук, ресурстук.

Социалдык механизмдердин саясий процесске таасир берүүсүндө ошол эле учурда бул механизмдер фундаменталисттик менталдыктын калыптануусуна дагы толук таасирин тийгизет.

**6.** Борбордук Азия өлкөлөрүндө террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүн талдоодо бул кылмыштардын жүйөөсүн изилдөө алардын социалдык жана саясий талдоосунун негизин түзөт.

Экстремисттик, террористтик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – булардын көз караштары боюнча, коомду мезгил-мезгили менен “беймаза кылып туруш керек”, баарынан жакшысы “кан төгүүнүн жардамы менен.” Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу куралы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө – экстремизм жана терроризм саясий процесстерди жөнгө салуучу саясий курал катары коомго таңууланат.

**7.** Борбордук Азияда фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун жактоочуларынын көбөйүшүнүн себептерин аныктоо зарылчылыгы диний фундаментализмдин жактоочуларынын (адептердин) өзгөчөлүктөрүн жана алардын фундаменталисттик диний-саясий көз караштарынын калыптанышын изилдөөнү талап калат. Фундаменталисттерди ар дайым консерватизм жана бир калыптагы ой-жүгүртүү сыяктуу өзгөчөлүктөр бириктирет. Алардын арасында кайсы бир идеяны туу тутуп, аны иш жүзүнө ашыруу

процессинде өмүрүн да аябагандар бар. Көксөөсү суубагандыкты, тынчсызданууну, түйшүктүү эркиндиктен жана жалгыздык сезимден көңүл калууну башынан өткөргөн адамдар фундаментализмди көздөй ыкташат.

**8.** Саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Баалуулук тутумундагы жана легитимдүүлүк ыкмаларындагы айырмачылыктар үчүн бир топ деңгээлде – салттуу терроризмге, экстремизмге жана диний фундаментализмге караганда динге негизделген терроризм, экстремизм жана радикалдуу ислам фундаментализм өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. Диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини тандоосу менен гана эмес, ошондой эле кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет.

**9.** Азыркы терроризм, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдө идеялык көрүнүш. Анткени бул көрүнүштөрдүн позицияларынын бекемдиги, исламдык саясий-укуктук концепцияларга багытталган анын теориялык базасында камтылгандыгында. Ошондуктан, идеялык-теориялык өңүт экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн эң орчундуу жагынын бири болуп саналат. Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге атайын кызматтардын күчү менен гана каршы турбастан, исламдык идеялык концепцияларга негизделген жүйөнүн жардамы менен да каршы туруу керек.

Радикалдуу диний фундаментализмди, терроризмди жана экстремизмди жоюу процессинде алардын доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий булактарынын негиздери канчалык жокко чыгарылса, ошончолук ийгиликке жетүү шарттары түзүлөт.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

Изденип алуучунун жекече салымы, ааламдашуу процессинде түзүлгөн заманбап коомдун өктөм муктаждыгы экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу ислам фундаментализмди зомбулуктуу социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн ыкмасына айлантуу менен, алардын пайда болуусуна күчтүү таасир бергендигин жана жигердендиргендигин илимий жактан жана ар тараптан ынанымдуу аныктоого жетишкендиги менен аныкталат. Ааламдашкан процесстердин таасири астында дүйнө жүзүндө радикалдуу диний фундаментализм, экстремизм жана терроризм жаралат жана калыптанат, алардын капшабынан, бүлүндүрүүчү таасиринен бир дагы мамлекет четте калбайт. Ошону менен бирге эле, экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий зомбулугунун саясий куралы катары чыгат.

Диний фундаменталисттер шариаттын негизинде халифатты курууну өздөрүнүн максаты катары көрүшөт. Бул максатка жетүү үчүн алар дини абалын Мухаммед Пайгамбардын дооруна алып келип, кайра жаркын келечекке умтулууга аракеттенишет. Бирок белгилей кетчү нерсе – өткөн доорго кайтуусу да, жаркын келечекке умтулуусу да саясий зомбулуктун куралы экстремизм жана терроризм аркылуу иш-жүзүнө ашырылат.

Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо. Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда баяндама жасоо аркылуу апробацияланган жана жарыкка чыгарылган.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү илимий изилдөөнүн максаты, милдеттери жана мазмуну менен шартталган. Илимий эмгек кириш сөздөн, төрт главадан, тыянактан, практикалык сунуштамалардан, ошондой эле диссертацияда пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, библиографиялык сыпаттамадан турат.

Ислам фундаментализминин негиздери катары төмөндөгүлөрдү белгилей кетүү керек: саясий-идеялык, доктриналдык жана уюштуруучулук негиздер. Тактап айтканда айрым саясий күчтөр тарабынан даярдалган концепциялар жана доктриналар азыркы учурда диний фундаментализмидин доктриналык булактары болуп эсептелет. Тийиштүү уюмдар, түзүмдөр, топтор кандайдыр бир фундаменталисттик, экстремисттик, террористтик ж.б.у.с. акцияларды демилгелөө, уюштуруу жана ишке ашыруу үчүн максаттуу түрдө түзүлгөн түзүлүштөр уюштуруучу булактар деп түшүндүрүлөт. Фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүктөрдү негиздеген саясий-диний идеология – саясий-идеялык булактары болуп эсептелинет.

Илимий иштин жыйынтыктарын айтсак:

– ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдери ачыкталды;

– фундаментализм – бул маңыздуу жаңжал жана күч аракетти камтыган саясий-социалдык феномен;

– көздөгөн максаттарына жетүү үчүн белгилүү бир саясий топтор колдонгон саясий жана диний идеологиялык милдеттерди алып жүргөн спецификалык фундаменталисттик доктриналарга айланган түзүлүштөрдөн, ишенимдерден жана өзгөчө көз караштардан фундаментализм өзүнүн көрүнүшүн табат;

– саясий феномен катары фундаментализм экстремизмди жана терроризмди саясий зомбулуктун саясий куралы катары колдонулат;

– социалдык феномен катары диний фундаментализм адамдарды социалдык статустарына карабай аларды жаңы уюмдарга, топторго жана кыймылдарга саясий-диний идея жана ишмердүүлүк аркылуу бириктирет;

– ислам фундаментализминин саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдери: саясий-аксиологиялык, саясий-идеологиялык жана саясий-

укуктук деп көрсөтүлдү;

– ислам фундаментализми – бул салафизм жана ваххабизм көрүнүштөрү аркылуу саясий-диний идеяларды колдонгон зомбулуксуз диний үгүт насааттан тартып, глобалдык зомбулуктуу, чабуулдук жихадка чейинки көрүнүш. Жана башка жыйынтыктар диссертацияда көрсөтүлөн.

**Социология илимдеринин доктору, профессор Нурова С.С.:** экстремизм жана терроризмдин негиздик саясий-идеялык платформаларын белгилеп кетиңиз.

**Мамытов Т.Б.:** Булар – агрессивдүү, реакциячыл улутчулдук, бурмаланган жана жалган саясий-диний көз караштар ошондой эле радикализм.

**Социология илимдеринин доктору, профессор Мендибаев Н.:** Борбордук Азия ислам фундаментализминин кайра жаралуусунун жана таралышынын себептерин айтып бериңиз.

**Мамытов Т.Б.:** Себептери: Өткөн кылымдын 90-жылдары Совет мамлекети кыйрап, дүйнө жүзүнүн саясатын аныктаган коммунистик идеология өзүнүн ордун жана таасирин жоготкон. Ушул учурда Борбордук Азиядагы республикаларда пайда болгон саясий-идеологиялык вакуумду дин ээлеп калды, себеби бул үчүн ыңгайлуу саясий, социалдык, диний экономикалык ж.б.у.с. шарттар түзүлдү. Мындан сырткары бул көрүнүшкө таасирин тийгизген Иран революциясы, Афганистанда ислам партияларынын жана кыймылдарынын бийлике келиши. Албетте бул көрсөтүлгөн саясий-диний, социалдык-экономикалык, маданияттык процесстер өз таасирин Борбордук Азияда ислам фундаментализминин өнүп өсүшүнө жана таралышына таасирин тийгизди.

**Философия жана саясий илимдеринин доктору, профессор Артыкбаев М.Т.:** Диссертациялык иште тийешелүү илимий материалдар кеңири топтолуп жана чагылдырылыптыр. Темасы өтө актуалдуу. Сунуш катары – диссертацияны жактоого коюлган негизги жоболорунун санын толук көрсөтпөй коюптурсуз. Бирок диссертациянын макстатын жана милдеттерин караганда жактоого коюлган негизги жоболор толук көрсөтүлгөн.

**Мамытов Т.Б.:** Диссертациянын жактоого коюлган негизги жоболорун кошумча иштеп, толуктоо киргизүү маселелерин карап чыгайын.

**Саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Кыргыз республикасында азыркы учурда Ф. Гюленге тийешелүү “Сапат” мектеп-лицейлери өз ишин алып барууда. Сиз бул көрүнүшкө кандай баа берет элеңер деген суроо.

**Мамытов Т.Б.:** Бул маселе кыргыз-түрк өкмөтүнүнү ортосунда бир нече кеңири талкууга алынган. Азыркы Туркия мамлекетинин бийлиги бул мектеп-лицейлерди аларга өткөрүп берүүнү суранууда. Бирок буга юридикалык нормалар жол бербейт, себеби “Сапат” мектеп-лицейлери түрк жарандарынын

инвестиция катары жана менчик болуп эсептелинет. Негизинен кыргыз өкмөтү “Сапат” мектеп-лицейлеринин балдарга билим берүү жана тарбия процесстери көзөмөлгө алыныш керек.

**Саясий жана философия илимдеринин доктору, профессор Артыкбаев М.Т.:** Изденүүчүнүн диссертация боюнча берген маалыматы жана суроолорго берген жооптору боюнча диссертация жакшы даярдалып жактоого татыктуу экени көрүнүп турат.

**Саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Суроо барбы? Суроо жок болсо анда экспертке сөз берилмекчи.

**Саясий илимдеринин доктору, профессор Абдрашев А.Б.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтымышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти тарых жана саясий илимдеринин доктору, профессор Абдрашев Акунжан Баказович 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Мамытов Токтокүчүк Болотбекович “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деген темадагы диссертациясына сунуштамалар: Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы Т.Б. Мамытовдун “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” 23.00.02 – саясий институттар, саясий процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын иштенип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого сунушталат.

Жетектөөчү мекеме катары Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Саясий - укуктук дисциплинаналар кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча барандуу изилдөөлөрдү жазап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, саясий процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педогогдор иштешет.

Биринчи расмий оппонент катары изилдөөнүн көйөгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча тарых жана саясий илимдеринин доктору, профессор Акунов Алыбек Акунович сунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар:

1. Акунов А.А., Государственное управление Кыргызстана в транзитный период. – Бишкек, 1999. – 268 б. 16,7 п.л.
2. Акунов А.А., Саясат таануу: Энциклопедиялык окуу куралы, - Бишкек: “Кыргыз энциклопедиясы”, 2004. – 400 б. - ISBN 9967 – 14 – 011 – 9.
3. Акунов А.А., Развитие системы государственного управления Кыргызстана: организационно – функцанинольный анализ., - Бишкек, 2000. – 244с.

Экинчи расмий оппонент катары изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору Кангельдиев Азамат Нурказыевич сунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар:

1. Кангельдиев, А.Н. Перспективы и приоритеты внешней политики Кыргызской Республики на своременном этапе [Текст] / А.Н. Кангельдиев// Вестник КРСУ. - Б.: КРСУ, 2015. – №15.
2. Кангельдиев, А.Н. Кыргызская Республика и Шанхайская Организация Сотрудничества: задачи и перспективы интеграционного процесса [Текст] / А.Н. Кангельдиев// Вестник КРСУ. - Б.: КРСУ, 2015. – №15.
3. Кангельдиев, А.Н. Методологические подходы концептуализации политического пространства в контексте трансграничных транспортныз коридоров [Текст] / А.Н. Кангельдиев// Вестник КРСУ. - Б.: КРСУ, 2016. – №16.

Үчүнчү расмий оппонент катары изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору Мухтаров Марс Мухтарович сунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар:

1. Мухтаров, М.М. Политический маркетинг в системе управления [Текст] / М.М. Мухтаров // Республиканский научно-теоритический журнал “Наука и новые технологии”. – Бишкек, 2000. – с.142.
2. Мухтаров, М.М. Политический маркетинг: концепция и технология [Текст] / М.М. Мухтаров // Международное научно-педагогическое издание “Высшая школа Казахстана”. – Казахстан, 2014. – №1 – с. 90-93.
3. Мухтаров, М.М. “Похвала адресату” или exhortation как технология политической рекламы [Текст] / М.М. Мухтаров // Республиканский научно-теоритический журнал “Известия Вузов”. – Бишкек, 2014. – №6. – с.189-190.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы: саясий жана юридикалык илимдеринин доктору профессор Канатбек Азиз:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, эксперттик комиссиянын корутундусун жана алардын жетектөөчү уюмду жана расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуштарын угуп, ошондой эле диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн макулдашуусу боюнча диссертациялык ишин аяктаган деп эсептеп жана талапкер Мамытов Токтокүчүк

Болотбековичке 2021-жылдын 29-январында диссертациялык ишин эл алдында коргоону сунуш кылышты.

Добуш бериңиздер: **катышкандар – 12, макул – 12, каршы - жок, калыс - жок. Бир добуштан кабыл алынды..**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жана 22.00.04 - социалдык структура, саясий институттар жана процесстер адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

**1.** Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын коргоо боюнча жазган “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деген темадагы диссертациялык ишине эксперттердин корутундулары бекитилсин.

**2.** Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деген темадагы диссертациясын Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинде 2021-жылдын 26-февралында саат 14:00до жактоо дайындалсын.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин кандидаты** **Ч.Ш. Абдыраманова**

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611